008-16

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.09.06.321.**

*Кол жазма укугунда*
*УДК* 297(575.2)(043.3).

**Темишов Базарбай**

# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК ЧЕНЕМИ

Адистиги: 09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2008**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун социалдык философия, этика жана эстетика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор **Жумагулов М.Ж.**

**Расмий оппоненттери:** философия илимдеринин доктору, профессор **Жаныбеков Ж.Ж.**

философия илимдеринин кандидаты **Асанбеков Н.К.**

**Жетектөөчү мекеме:** К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасы

Диссертация 2008 жылдын «___»___________ саат ___ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучу – Ж.Баласагын атындагы КУУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д. 09.06.321 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен КР УИА Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. (Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 2008-жылдын «____»___________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **Акматова Н.С.**



## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

***Изилдөөнүн актуалдуулугу.*** Ааламдашуу шартында адамзат турмушу жалпы дүйнөлүк глобалдуу проблемага айланган татаал жаңы көп кырдуу маселелердин тобуна келип такалды. Алардын ичинен эң башкысы- илимий-техникалык прогресстин жана анын натыйжасында өзгөрүп жаткан социалдык-экономикалык, маданий - руханий маанидеги геосаясаттык, геосоциалдык процесстерди кантип көзөмөлгө алуу, өздөштүрүү, пайдалануу болуп калды. Узак мезгилден бери цивилизациянын тарыхый өнүгүү багытын аныктап келген материалисттик-рационалдык маанай жалпы коомдук аң-сезимди бир жактуу калыптандырып, адамдыктын иманенттик маңызы, асыл сапаты болгон руханый жан-дүйнөсүн жакырлантып, деградациялап социоэкологиялык кризистин глобалдуу мүнөздө курчушуна алып келди. Натыйжада, Жер бетинде бир полярдуу үстөм башкарууга умтулган саясый-экспансиялык аракеттер ааламдашуу процессин коркунучтуу нукка буруп, термоядролук согуш куралдарын чыгарууну жарыша көбөйтүп, материалдык байлык үчүн ашынган ач көздүк менен адам жана жаратылыш табиятына кол салып, жалпы адамзат келечегине коркунуч туудурда.

Ааламдашуунун мындай кырдаалынан бир дагы эл, улут, мамлекет четте кала алган жок, өлкөлөрдүн, калктардын ортосундагы илимий-техникалык, технологиялык, бизнестик геосаясатты тереңдетүү менен объект, субъекттердин болмуштук өз алдынчалыгын салыштырмалуу жоюп, карым- катнаштар кеңейтип, татаалдантып, алардын тарыхый улуттук, этностук салттуу өз маданиятын, моралдык-руханий маанайын бир калыпта сактап турууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн белгилүү деңгээлде чектеп, коомдук аң -сезимдин өнүгүүсүндө жаңы парадигмаларды пайда кылууда.

Ааламдашуу процессинин эң башкы субъектиси адамзат экендигин эске алсак, бул феномендин болмушунун контексттиндеги социалдык- философиялык таанымдын объектиси катары адамдын жан дүйнөсү, аң-сезими, акыл-эси биринчи орунга коюлат. Ааламдашуунун актуалдуу маселелеринин чечилиши да ушул нукка бурулуп, мындай өңүттө инсандын адамдыгын сыпаттоочу имманенттүү маңызын, ыйман-ыкласын, адеп-ахлагын, жан-дүйнөсүн, рефлексиясын, интеллектуалдык потенциалын, жалпы эле руханий маданиятын калыптандырууда тарыхты «карытып», сакталып келген салттуу диндердин өзгөчө мааниге ээ экендиги даана көрүнөт. Дегеле, ааламдашуунун жүрүшүндө адамды дүйнөлүк кубулуштун субъектисинен объектисине айлантуучу бирден бир баалуу каражат, касиеттүү феномен, маанилүү күч катары элдик,

этносттук руханий маданияттын өзөгүн түзүүчү диний улуу салттарды атоого болот. Бул багытта исламда камтылган руханий баалуулук системасы да башка дүйнөлүк маданияттардагыдай эле өзүнүн гумандуулугу, салыштырмалуугу, универсалдуулугу, толеранттуулугу, демократиялуулугу, прогрессивдүүлүгү менен олуттуу айырмаланып, адамдын инсан катары толук кандуу жашап-калыптануусуна зарыл болгон мүмкүндүктөрдү түзүп берүүчү турмуштук прициптерди, маданий баалуулуктарды, керектүү идеалдарды өзүнө сиңирип турат.

Ааламдашуу мезгилинде келип чыккан глобалдуу проблемаларды туура чечүүдө диний баалууктардын, айрыкча исламдык руханий дөөлөттөрдүн адамзаттын өнүгүшүндөгү, конкреттүү жарандардын болмушунун уюштурулушундагы тарыхый ролун, маанисин тереңдетип изилдөө - бул азыркы социоэкологиялык кыйын учур талап кылган башкы илимий маселердин бири. Чындыгында эле жаңы геосаясый мейкиндикте исламдын калктар арасында кеңири жайылышы, руханий зарыл керектөөгө айланышы да ааламдашуу процессинин бир маанилүү фактору, көрүнүшү болуп жатат. Биринчиден, кайсы гана цивилизация болбосун анын руханий көрүнүшү болгон моралдык-диний, маданияттык баалуулуктар системасы бир жагынан жарандык коомду, табиятты антропологиялык залалдан коргоп туруучу иммунитеттик механизм катары кызмат кылат. Экинчиден, диний исламдык баалуулуктар конфессиялар аралык байланыштардын татаал тутумун жана институционалдык мамилерди өзүнө камтып туруу менен аларды бириктирүүчү касиетке да ээ болуп, ааламдашуудагы тенденцияларды регуляциялоонун эффективдүү функциясын аткара алышат.

Тарыхый салттуулук менен адамзат цивилизациясынын жетишкендиктерин синтездөөнүн баалуу элементи катары ислам башка дүйнөлүк диндер сыяктуу эле өзүнө маданий баалуулуктар аркылуу келечектеги ааламдашуу феномени менен традициялуулуктун субъектилеринин ортосундагы өз ара мамиленин мүнөзүн аныктоочу күчкө айланышы мүмкүн. Ушул маселеге байланыштуу атактуу окумуштуу К.Г.Юнг минтип белгилейт: «Адамзаттын өнүгүүсүндөгү ар түрдүү конфессиялар жана диндер, алардын архаикалык ырым-жырымдары, ритуалдары, түшүнүк- категориялары азыркы замандын көп адамдарына түшүнүксүз жана чоочун болуп туюлушу өткөн доордун, орто кылымдардын позициясындагы көз караштарын, дүйнөтаанымын билдирет. Ошентсе да адамзатка тиешелүү терең кеткен түптүү салт, адамдын өзүн өзү сактоо инстинкти аларда камтылган идеаларды жана баалуулуктарды кабыл алып, баш ийүүгө, өздөштүрүүгө түртөт. Бирок аларды чечмелеп тереңинен түшүнбөй туруп кабылдоо



акыркы 500 жылдын ичиндеги бардык интеллектуалдык жетишкендиктерди четке кагат»[1].

Ислам өзүндөгү маданий дөөлөттөрдүн плюралисттик мүнөзү, центристтик жана иерархиялык чектөөлөрүнүн жоктугу, ар кандай шарттарга тез ылайыкташуу өзгөчөлүгү, адамдын жан-дүйнөсүнө туура багыт бере турган диний-психологиялык, руханий-нравалык парадигмалары, нарктуулугу ж.б. баалуулук ченемдери менен ааламдашуу шартында да тарыхый өз ордун таап, кеңири кулач жайып өсүүгө мүмкүндүгү бар прогрессивдүү дин. Азыркы кезде көптөгөн өлкөлөрдүн саясый- экономикалык, социалдык-маданий мамилелери ислам дини аркылуу жүргүзүлбөсө да, жарандык коомдук өсүп-өнүгүүсүндө исламдык-моралдык баалуулуктардын тийгизген таасири жигердүү экендигин байкоого болот. Ошондуктан, ааламдашуу шартында ислам маданиятынын аксиологиялык ченемин илимий өңүттө изилдөө аркылуу эркин мүнөздөгү жарандык коомду куруу, жеке адамдын укук – эркиндигин кеңейтүү, «базар экономикасына» ыктоо, «либералдык демократияга» өтүү сыяктуу процесстерди жалпы адамзат турмушуна, айрыкча, «ачык коом» тибиндеги Кыргызстанга туура жол менен ассимиляция кылууга зарыл өбөлгөлөр түзүлөт –деп эсептелген.

Бул жагдай ааламдашуу учурундагы ислам маданиятынын системасы улуттук идеологиянын, элдик руханий жетишкендиктердин, нравалык, моралдык, адеп-ахлактык баалуу өзөгүн сактап калуунун мүмкүндүктөрүн ачат жана жарандык ачык коомго багыт алган ар кандай мамлекеттерде цивилизациянын, маданияттын, диний жана саясый агымдардын ортосунда конструктивдүү диалогдун болушуна шарттайт.

Коомдук өнүгүүнүн объективдүү логикасы тастыктагандай, конкреттүү тарыхый кубулуштун жана социалдык тажрыйбанын ретранслятору катары ислам дини, анын руханий дөөлөттөрү нравалык аң сезимдин калыптанышына, жаңыланышына, жалпы адамзаттык моралдык эрежелерге чоң түрткү бере турган улуттук каада-салттарга, элдик жалпы маданиятка иммунитеттик маңыздагы сапат, имманенттик мүнөз, руханий дарамет берүүчү фактор катары чыгат. Ошондуктан, мусулмандык укуктун жана дүйнөкараштын негизги булактары болгон ислам маданиятынын имманенттүү маңызын, жоболорун, идеяларын, баштапкы ориентацияларын азыркы социомаданий өнүгүүнүн контексттинде, илимий өңүттө же философиялык рефлексиянын деңгээлинде кароо исламдын жана ислам маданиятынын ааламдашуу процесстериндеги социалдык-эпистемологиялык ченемин аныктоодо

[1] К.Г. Юнг. Нераскрытое я.- М., 1998. - С. 72.

методологиялык жана аксиологиялык мааниге ээ. Бирок, тилекке каршы, бүгүнкү күнгө чейин илимий чөйрөдө диний маданият, анын онтологиялык, гносологиялык, аксиологиялык табияты, социалдык-руханий, функционалдык өзгөчөлүктөрү тууралуу толук кандуу изилдөөлөр жокко эсе. Ушуга байланыштуу концептуалдуу философиялык экспликация тарыхынан өзүнүн ылайыктуу ордун таба албай келаткан жагдайда ислам маданиятынын аксиологиялык ченеминин кеңири, концептуалдуу изилденүүсүнүн зарылдыгы – азыркы учурдун илимий философиялык проблемасы болуп калды.

***Маселенин иштелип чыгуу деңгээли.*** Азыркы ааламдашуу шартындагы исламдын коомдогу алган орду, жеке адамды калыптандыруудагы ролу, конфессиялар аралык диалогдун өнүгүшүндөгү ислам маданиятынын мааниси, анын логико-методологикалык, социалдык-маданий аспектилери белгилүү бир деңгээлде окумуштуулар Г.В.Осипов, В.М.Борисов, Ю.М. Семенов, А.В.Малашенко, Э.Т.Кочетов Д.А.Кныш, А.А.Хисматулин С.Л.Сюкияейнен, А.В.Сагадеев, Н.А.Смирнов, Д.Т.Фролов, Дж. Форрестер, А.К.Аликберов, В.В.Бартольд, К.Г.Юнг, Т.Карлейлъ, У. Кинг, С. Амин, М. Джами, Р.Набиев ж.б. тарабынан каралган. Руханий дөөлөттөрдүн системасын, айрыкча, ислам маданиятынын диалектикасын дүйнөдөгү болуп жаткан өзгөрүштөрдүн контекстинде изилдеген мусулман окумуштуулардын катарына С.М.Хаттамини, С.А.Акрами, М.М.Джамеи, А.Исмаил, А. Х. Зарринкуб, С. Кутб, Ал-Хараши, С.Ас-Садлана, А.Аз-Зунейди, А.Ал-Зейд, М.Халиджи, А.Шариати, Х. Яхъя, М.Яхъяпур ж.б. кошууга болот. Алардын эмгектеринде исламдык маданий баалуулуктар топтому азыркы ааламдашуу процессине альтернатива болуучу негиз катары сунуш кылынып, бирок аны турмушка ашыруунун механизмдери, каражаттары талапка ылайык илимий деңгээлде анализделбеген.

Ислам маданиятын, анын өзгөчөлүктөрүн, аксиологиялык ченемин өздөштүрүүгө багытталган Алъ Газали, Алъ-Фараби, Алъ Шариати, Ибн-Баджа, М.Рази, Ж.Руми ж.б. изилдөөлөрү ретроспективалык маанайда болуп, формалдуу логиканын алкагында болгондугуна карабастан, азыркы ислам маданиятынын баалуулук системасына сереп салууда чоң мааниге ээ. Ошону менен бирге эле бүгүнкү күндө ислам маданиятынын аксиологиялык ченемин, өзгөчө ааламдашуу шартындагы исламдын баалуулуктарын баштапкы булактарга таянып, атайын концептуалдуу караган илимий изилдөөлөр жокко эсе десек жаңылышпайбыз.

Руханий дөөлөттөрдү өзүнө камтыган ислам маданиятынын аксиологиялык маңызын социалдык-эпистемологиялык жактан өздөш-



түрүүгө методологиялык база болуп бере ала турган иликтөөлөрдүн катарына кыргыз окумуштуулары А.А.Алтмышбаевдин, Б.А.Аманалиевдин, М.К.Абдылдаевдин, Ч.Т.Айтматовдун, Ш.Б.Акмолдоеванын, Т.А.Аскаровдун, А.А.Бекбоевдин, А.А.Брудныйдын, А.И.Нарынбаевдин, Ж.Ж..Жаныбековдун, М.Ж.Жумагуловдун, Д.Д.Джунушалиевдин, А.И.Исмаиловдун, Ө.К.Караевдин, С.М.Мукасовдун, В.М.Плоскихтин, А.А.Салиевдин, О.А. Тогусаковдун, А.Б. Элебаеванын ж.б. эмгектерин кошууга болот. Ошентсе да, каралып жаткан проблеманын бир беткей, жетишсиз изилдениши - бул эпистемологиялык феноменге терең илимий көз менен карoo зарылдыгына, диний- аксиологиялык маселелерди талдоонун социалдык-гуманитардык илимдерге коюучу талабына жооп бербейт.

Айтылгандардын негизинде ааламдашуу шартындагы ислам маданиятынын имманенттүү маңызын, баалуулуктар системасын, анын диалектикасын анализдөө социалдык-эпистемологиялык изилдөөнүн актуалдуу багыты экендиги абзел.

***Изилдөөнүн объектиси жана предмети.*** Ааламдашуу шартындагы ислам маданияты изилдөөнүн объектиси болуп саналат. Ал эми изилдөөнүн предмети катары ислам маданиятынын аксиологиялык маанисин, социумдун, адамдын өнүгүшүндөгү ролун концептуалдуу анализдөө эсептелинет.

***Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.*** Изилдөөнүн негизги максаты ааламдашуу шартындагы ислам маданиятынын имманентүү маңызын, анын аксиологиялык ченемин концептуалдуу иликтөө.

Диссертациялык иштин максатына ылайык төмөнкүдөй милдеттери аныкталды:

- жаңы методологиялык парадигмалардын негизинде ааламдашуу шартындагы ислам маданиятынын генезисине, маңызына тарыхый-логикалык сереп салуу;
- социалдык өнүгүүнүн контексттиндеги ислам маданиятынын түшүнүм- түшүнүктөр системасын аныктоо менен анын онтологиялык мазмунун, гносеологиялык функциясын чечмелөө;
- эл аралык геосоциалдык, геосаясаттык мейкиндиктеги ислам маданиятынын ааламдашуу диалектикасын көрсөтүү;
- Кыргызстандагы ислам маданиятынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн ачуу аркылуу анын аксиологиялык ченемин философиялык талдоого алуу;
- инсандын болмуштук уюштурулушундагы руханий дүйнөсүнүн өнүгүшүндөгү ислам маданиятынын ролун аныктоо.

***Диссертациянын теориялык жана методологиялык негиздери.*** Иште коюлган проблеманы чечүүдө изденүүчү жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, себептүүлүк, тарыхыйлуулук, объективдүүлүк сыяктуу диалектиканын негизги принциптерине таянды. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө анализ, синтез, индукция, дедукция, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ж.б. жалпы логикалык методдор колдонулду. Категориялардын, түшүнүктөрдүн, аныктамалардын тактыгы, концептуалдуулугу, илимийлүүлүгү, цивилизациялык, этностук, тарыхый социомаданий өнүгүүлөргө баалуулуктардын контексттинде мамиле жасоо, системалуулук сыяктуу негизги жоболор колдонулду.

Диссертациянын баалуу булактары катары исламга, андагы нарктуулуктарга байланыштуу тарыхый-илимий жана конкреттүү-илимий мүнөздөгү изилдөөлөр пайдаланылды. Зарылчылыкка жараша талапкер ислам маданияты боюнча ата мекендик жана чет элдик адистердин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына кайрылды.

***Иштин илимий жаңылыгы.*** Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык маанидеги жаңылыктары катары төмөндөгү логикалык жалпылоолорду кароого болот:

- ислам маданиятынын генезиси жана имманентүү маңызы тарыхый – логикалык жагдайда изилденип, анын теоретикалык - методологиялык негиздери такталды;
- ааламдашуу процессинин алкагындагы ислам маданиятынын руханий-моралдык баалуулуктар системасы, анын парадигмалары зарылдык менен кокустуктун биримдигинин өнүтүндө бааланды;
- жаңы геосаясый мейкиндикте ислам маданиятынын Кыргызстандагы функциялануу өзгөчөлүктөрү, антропологиялык, философиялык-аксиологиялык мааниси, нарктуулук топтому аныкталып, мындай көрүнүштөрдүн тарыхый цивилизациядагы айныксыз тажрыйбасын пайдалануу маселелери каралды;
- адамдын руханий-нравалык жактан өсүп-өнүүгүсүндөгү, инсандын адамдык асыл сапаттарынын калыптануусундагы ислам маданиятынын маани-маңызы айкындалды;
- ислам маданиятынын гумандуулукка ширелген моралдык табияты, дөөлөтү, руханий-нравалык жактан багыттоочу касиети, алардын бирдиктүү диалектикалык системасы жарандык кыргыз коомунун түпкү өнүгүү багытын аныктоодо өзгөчө мааниге ээ экендиги белгиленди.

***Коргоого сунушталган негизги жоболор.*** Диссертациялык иште ааламдашуу шартындагы ислам маданиятынын аксиологиялык ченемине байланыштуу маселелерди алгачкы ирет илимий проблема



катары социалдык-философиялык өңүттө анализге алынуусунда төмөндөгүдөй жоболор коргоого сунуш кылынат:

- ислам маданиятынын өнүгүүсү цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта сандык жана сапаттык өзгөрүүлөр, карама-каршылыктар аркылуу ишке ашырылып, конкреттүү коомдук-тарыхый мүнөзгө ээ болуп, көптөгөн калктардын ички жан-дүйнөсүнүн ажырагыс байлыгына, рухий ориентациясына айланат.
- ааламдашуу шартында исламдын маданий (руханий-нравалык) баалуулуктар системасы инсандын адамдык сапаттарынын сакталуусуна чыныгы мүмкүндүк түзүү менен ааламдашуу процессин туура нукка салууда, жалпы адамзатты гумандуулукка багыттоодо зарылдык жана кокустуктун биримдиги катары шартталат;
- Кыргызстандын геосаясый мейкиндигиндеги ислам маданияты башка маданий болмуштар менен тыгыз байланышта болуу менен гумандуулук, толеранттуулук, ырышкердик, нравалык ченемин арттырат, коомдук муктаждыктарга карата жигердүү нарк-насилдык, адеп-ахлактык парадигмаларын байытат;
- ислам маданияты социалдык-руханий жактан өсүп-өнүгүп турууучу өзгөчө кубулуш катары коомдун, элдин, этностун, улуттун, ар бир адамдын дүйнөтаанымынын, аң-сезиминин, руханий-моралдык өзгөрүүлөрүнүн салттуу көрүнүшү иретинде муундан - муунга мурасталып, баалуу жоболору, постулаттары бекемделип, сакталып, социалдык мейкиндиктеги таасир тийгизүү чөйрөсү улам кеңейип турат;
- коомдук баалуулуктардын системасында ислам маданияты адамдардын болмушуна, инсандык сапаттарына, касиеттерине таасир этип, анын ички дүйнөсүн, атуулдук ориентациясын нравалуулукка, адептүүлүккө, ыймандуулукка багыттайт.

***Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.*** Диссертациялык иштеги жалпыланган концептуалдуу жоболор жаңы геосаясый мейкиндиктеги элдин руханий-маданий турмушунун диалектикасын, диний баалуулуктарын өздөштүрүүдө, аларды адекваттуу илимий интерпретациялоодо, демократиялык, жарандык коомду курууга багыт алган көз карандысыз Кыргызстандын социалдык-саясый өнүгүсүнүн багытын аныктоого, мазмунун байытууга, улуттук кайра жаралуунун тенденцияларын өздөштүрүүдө жигердүү салым кошмокчу. Изилдөөнүн корутундулары исламдын, ислам маданиятынын функциялануу диалектикасын, алардын ааламдашуу шартындагы социалдык проекциясын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге диссертациянын теориялык-методологиялык илимий жыйынтыктарын социалдык философия, философия тарыхы, саясый философия, динтаануу, саясаттаануу, маданияттаануу, этика боюнча атайы курсту

иштеп чыгууда жана коомдук, диний, саясый маселелерин практикалык жагдайда чечүүдө пайдаланса болот.

***Иштин апробацияланышы.*** Диссертациянын негизги жоболору жана натыйжалары талапкер тарабынан Эл аралык «Идентичность и диалог культур в эпоху глобализации» деген конференцияда, (Бишкек, 2007); «Общество и политика» (Варшава, 2007); «Современность: философские и правовые проблемы» (Бишкек, 2006); «Мамлекет, эл дин жана бүгүнкү идеология» (Ош, 2004); «Аалам, Адам, Экология» (Ош, 2005) аттуу республикалык илимий-практикалык конференциялардагы докладдарда, илимий (8) макалада чагылдырылган. «Аалам, пенде, периште» (1995), «Аалам, тагдыр, периште» (1998), «Ислам, намаз, мусулман» (2000), «Научные подтверждения истинности Корана» (2003) деген китептери жарыкка чыккан. Республикалык басма сөз беттеринде улуттук идеология, элдик маданият, руханий-моралдык башат, дин жана диний саясат, геосаясат, конституциялык реформага байланыштуу талкууларга активдүү катышып, 200 дөн ашык публицистикалык макалаларды жарыяланган. 2006-жылы «Кыргыз туусу» улуттук төл гезити тарабынан уюштурулган «Улуттук идеология кандай болуш керек?» деген республикалык чыгармачыл идеолог-саясатчылар конкурсунун жыйынтыгы менен Конкурста 1- орунду ээлеп, 1-даражадагы диплому ыйгарылган.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук институтунун социалдык философия, этика жана эстетика, философиянын теориясы жана тарыхы, гносология жана социалдык экология бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган.

***Диссертациянын структурасы.*** Иш киришүүдөн, эки баптан, төрт параграфтан, корутундан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

«**Киришүүдө»** теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, изилденүү даражасы мүнөздөлдү, объектиси, предмети тастыкталып, иштин максаты, милдеттери такталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган негизги жоболору, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Ааламдашуу процессинин контексттиндеги ислам маданияты»** деп аталган биринчи бапта ислам маданиятынын генезисин, маани-маңызын, анын аксиологиялык ченемин изилдөөнүн тарыхый-философиялык жана методологиялык өңүттөрү каралды.



Биринчи параграф **«Ислам маданиятынын маңызына жана генезисине методологиялык жана теоретикалык көз караштар»** деп аталып, каралуучу маселеге байланыштуу түшүнүм-түшүнүктөргө илимий аныктамалар берилип, философиялык экспликациялоонун өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулду. Ошондой эле, ислам дини, маданияты системалуу иликтөөгө алынып, маани-маңызы, генезиси социалдык философиялык жактан талдоого алынды.

Иликтөөнүн теоретикалык -методологиялык нугуна карай ислам дини боюнча жазылган эмгектер экиге бөлүнүп каралышы абзел. Биринчи тарапка, ислам дининин алкагында туруп, исламды өнүктүрүү үчүн жазылган мусулман окумуштуулардын эмгектери, ал эми экинчисине- «ислам таануу» багыттагы эпистемологиялык баалуулукка ээ болуучу изилдөөлөрдү кошууга болот. Бирок, изилдөөчүлөр ой-чабыт логикасына жараша ислам таануучу да, ислам окумуштуусу да болуп эсептелиши мүмкүн. Бул өңүттө «Ислам таануунун» өкүлдөрүнүн көз караштарын аныктап турган илимдин (исламоведение) башаты Батыш Европадагы ислам маданиятын изилдөөчү илимий агымдардын ориентациясы –исламологияга ( islam-ислам жана logos-окуу ) же нукура динден жана теологиядан сыртта турган дисциплинага барып такалат.

Ошону менен бирге эле исламдын, андагы маданияттын генезисин жана маани -маңызын изилдөөнүн тарыхый-эволюциялык процессинде калыптанган ислам таануудагы негизги методологиялык багыттарга – ***социологизм, лингвистикалык-герменевтикалык анализ ж.б.*** – бир жактуулук мүнөздүү экендигин белгилөөгө болот. Мисалы, В.Бартольд исламдын генезисин изилдөөгө байланыштуу бир катар принципиалдуу жоболорду берип, эмгектеринде негизги методологиялык фундамент катары социологизмдин калыптануусуна өбөлгө түзгөн. В.Бартольд исламдын, ислам маданиятынын генезисине байланыштуу тарыхый жана социалдык-саясий жагдайларды изилдеп, ошол замандын талабына ылайык 1950-60-жылдарда чыгыш таанууда бир жактуулуктун келип чыгуусуна түрткү болгон. Мындай жагдай лингвистикалык-герменевтикалык изилдөөлөргө дагы мүнөздүү. Француз окумуштуусу Ж.Деррида христиан дининин баштапкы булактарын герменевтикалык-деконструктивисттик анализдөөнүн натыйжасында аларды ислам маданияты менен тыгыз байланыштырган. Ал эми мусулман окумуштуусу аятолла Тасхири Ливандагы «Аль-Минхадж» журналга (№22, 248-бет) лингвистикалык-герменевтикалык анализдин оригиналдуу эмес экендигин жана бул ыкманын ислам маданиятында «иджтихад» же «фахме орфи» («салттуу түшүнүк») деген терминдер аркылуу мурдатан бери эле белгилүү экендигине токтолот.

Ислам маданиятын, анын маңызын «ислам таануунун» алкагында изилдөөчүлөргө мүнөздүү дагы бир жетишсиздик жалпы ислам маданиятына мүнөздү болгон стереотиптерди аныктап келип, аларды иликтөөдө христиан дүйнөсүнө тиешелүү түшүнүктөрдү, категорияларды жана парадигмаларды пайдаланууга өзгөчө көңүл бурушкан. Алар ушул методологиялык өңүттө ислам маданиятынан христиандык ортодоксияны, теологияны жана чиркөөлүк идеология сыяктуу маанимаңыздарды издөөгө аракет кылышат. Бул логикалык конструкциядан өткөргөн европоцентристтик изилдөө иш-аракеттердин натыйжасында А.В.Сагадеевдин[1] көз карашы боюнча ислам таануу илиминде ислам маданиятына байланыштуу бир беткей илимий абстрактуу пикирлер да калыптанган. Мындай нуктагы рефлекцияга ылайык ортодоксия жана ислам философиясында жана маданиятында эң башкы маанилүү нерсе теология болуш керек. Ушундай эле руханий ориентацияга исламдын маданиятынын гумандуулукка ширетилген маани-маңызын жокко чыгаруучу же суфизмди исламга бирден бир маңыз катары кароого болгон аракеттерди кошууга болот.

Ислам маданиятын жана анын маңызын изилдөөдө Батыш менен Чыгышты, эмпиризм менен рационализмди, традициялуулук менен новациялуулук ж.б. карама-каршы кою аркылуу эмес, алардын бирибири менен болгон диалектикалык байланышын негиз кылып алуу зарыл. Мындай жагдайды мамлекет жана саясат жаатында ислам маданиятынын классикалык теорияларына айланган ал-Маварди, ал-Джувейни, ал-Газали сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин көрсөтүп турат. Ошодой эле, ислам маданиятынын негизи катары шариаттын укук-милдеттик жоболору каралып, анын маңызы болуп эсептелген, Куранда жана Суннада камтылган императивдер менен аны ишке ашыруу үчүн жазылган, укук-жоопкерчиликти мүнөздөгөн постулаттар, мыйзамдар, ибаадаттар, шариаттар жана аны аткаруучу коомчулук (жаамат), алар түзгөн материалдык жана рухий баалуулуктардын бирдиктүү системасы иликтөөгө алынды. Бул тууралуу белгилүү ислам маданиятын таануучу Л.Р. Сюкияйнен –төмөндөгү таасын пикирди билдирген: «Ушул өңүттөн алып караганда, ислам – бул чынында эле универсалдуу система, жашоонун универсалдуу образы, бийик деңгээлде универсалдуу ой-жүгүртүүнүн образы»

Демек, ислам маданияты, анын имманенттүү маңызы эмне дегенде, биринчи иретте, анын пайдубалын түптөп турган ислам динин, анын руханий өзөгү, руханий маңызы болгон Курандагы жоболорду (аяттар) жана анын айланасында түзүлгөн коомдук-маданий шариаттык-

[1] Сагадеев А.В. Социально-исторические предпосылки возникновения и развития классической арабо-мусульманской культуры. //Материалы III Международного философского симпозиума «Диалог цивилизаций: Восток Запад». Москва, РУДН, 1997. –С. 4-7.



укуктук системаны, коомдук-укуктук, моралдык-этикалык, саясый ж.б. жагдайлардын татаал структурасын, принциптерин түшүнүүгө болот. Бул багыттагы талдоодо ислам маданиятынын маңызын ачуучу универсалдуулук жана гумандуулук жактарын анализдеп, структуралык принциптерин, маңыздык аспектилерин өздөштүрүү абзел.

Исламдын маданиятынын генезисине маани берип, бул руханий кубулуштун маани-маңызын концептуалдуу чечмелөөгө болот. Ушундай өңүттө исламдын баштапкы булактарына[1] таянуу аркылуу, Мухаммед пайгамбардын доорунда уруулукка бөлүнүү абсолюттук мааниге ээ болгондуктан, ислам этникалык дин катары да пайда болгон эмес. Ошондуктан Курандагы маалыматтар боюнча Аравияда жашоочу калктын жалпы этноними жок. VII кылымдын ортосунда гана ислам жаңыдан калыптана баштаганда «араб» (ал-'араб) деген термин менен өзүн атоочу этносоциалдык бирикме - исламды алып жүрүүчү калк катары «арабдар» деп тааныла баштайт. Ислам күчүнө кире баштаган кезде ал аркылуу уруулардын башын кошуп, пайда болгон Араб калкынын генезисин изилдеп билүү менен ислам маданиятынын түптөлүшүнө байланыштуу маселелерди түшүнүүгө мүмкүндүк ачат. Мындай ыкмадагы рефлекция ислам диний көз карашты түптөөчү идеология катары пайда болгонун ырастап, анын араб урууларын этностук жактан бириктирүү үчүн же ошондой аракеттин натыйжасында келип чыгышы жөнүндөгү болжолду[2] жокко чыгарууга негиз болот.

Ислам аалымдарынын «ислам таануу» багытында жазган эмгектери боюнча ислам маданиятынын келип чыгышына пайгамбар Мухаммад а.с. жарыкчылыкка келген YI кылымдагы Арабстан жарым аралында өкүм сүргөн маданиятсыздык, сабатсыздык, караңгылык түрткү болгон. Ошол кезде арабдар көп түрдүү идолдук «кудайларга» сыйынышып, урую-урууга, диний секталарга бөлүнүп жоолашып жашашкан. Ачытылган шарапты чай катары ичип, мастыкта жашоо мүнөзүн күткөн. Инсан укугун сактоо болгон эмес. Кулдарды, туткундарды, аялдарды аябагандай кордоо, кыздарын тирүүлөй жерге көмүү адаты таркаган эле. Жалпылап айтканда, Арабдарды мындай карангылыктан куткаруучу жаңы руханий изденүү элде күчөп, исламдык маданиятты негиздөөчү, элге таркатуучу доордук улуу инсандын (Мухаммед пайгамбардын) жашоо-турмушка келүүсү тарыхый

[1] Коомдук моралы жана психологиясы, башаты жагынан алып караганда изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча ислам жалпысынан отурукташкан калктын маданиятына ылайыкташкан жана көчмөн дүйнө Куранда өзгөчө коомдук-маданий чөйрө катары ал-а'раб деген атайын термин менен белгиленген, караныз: Коран IX, 91/90, 98/97—100/99, 102/101, 121/120; XXXIII, 20; XLVIII, 11, 16; XLIX, 14.

[2] Грязневич П. Развитие исторического сознания арабов (VI—VIII вв.). — Очерки истории арабской культуры V— XV вв. М., 1982, с. 91—96.

зарылдыкка айланган учур болгон. Ислам дининдеги маалыматтары боюнча мындай социоморалдык кризистик оор жагдайлар адамзат тарыхында көп эле болгон, ар бир кризистик жагдайдан адамзатты куткаруу үчүн Кудай бул миссияны аткарууга татыктуу адамды эл ичинен тандап, ага периште жөнөтүп, динди улам маалымдап, өз элчиси (расул) пайгамбар аркылуу ошол диний маданиятты таркатууну буюруп тургандыгы айтылат. Эмне болгон күндө да эң башкы болмуштук кубулуш -бул социомаданий оор кризистик жагдайдан адамзатты куткаруучу жаңы маңыздагы руханий-социалдык нарктуулукту камтыган баалуу ислам маданиятынын аныктыгына маани берип, анын руханий баалуулук ченемин иликтөө, пайдалануу адамзаттын максаттуу милдети болуп саналат.

Ислам маданиятынын генезисин бул ыкмада кароо илимий зарылдык болуп, бүтүндөй маданий процесстин бүткүл дүйнөлүк коомдук-тарыхый ролун ачып көрсөтүүдө чоң мааниге ээ болот да, анын ааламдашуу табиятын, башка цивилизациялар менен болгон социалдык-маданий байланыштарын жалпы адамзаттык ченем менен аныктоого мүмкүндүк түзөт. Мындай методикалык жагдай түрдүү саясий-идеологиялык жана маданий феномендерди, өзгөчө ислам маданияты калыптанган доорду анализ кылуу жолу менен такталат. Жалпысынан ислам маданияты кылымдарды «карыткан» руханий-табигый маданият экендигин эске алуу менен аны коомдогу теориялык, идеялык, идеалдык, билимдик, диндик, адеп-ахлактык, моралдык, нравалык, ыймандык баалуулуктар системасы катары кароо зарыл. Демек, ислам маданиятын философиялык реконструкциялоо жана анын эволюциялык маңызын ачып берүү адамдын дүйнөнү көрүп баалай билүүсү «эмнени» (Хайдеггер) аныктаса, ошону таанып-билүүнү да шарттайт. Ушул айтылган «эмне» болмушту (бытиени) таанып билүү да ислам пайда болгон доордогу руханий жана идеологиялык-маданий образдарды да тарыхый-философиялык жактан карап чыгууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан, ислам таануу – ислам маданиятынын аксиологиялык ченемин өздөштүрүү культурологияны, антропологияны, этнопедагогиканы, этностук-улуттук маданияты бирдиктүү таанып билүү процессинин бир тармагы катары каралуусу керек. Бул параграфта ошондой эле ислам маданиятынын маңыздык рухий жана материалдык компенентеринин абалына карата адеп-ахлактык, диний-ибаадаттык, предметтик-символикалык, социоморалдык, маданий-этикалык, үй бүлөлүк, чарбалык- экономикалык ж.б. болуп структуралык тармактарга классификацияланды.

**«Ислам маданиятынын ааламдашуу ченеми»** деген экинчи параграфда исламдык маданият системасынын ааламдашуу шартындагы



орду, ролу жана келечеги сыяктуу маселелер ар тараптуу методологиялык негизде ачылып көрсөтүлөт. Ислам маданияты - бул ислам диний ишенимине негизделген, ыймандуулукка, идеалдуулукка, гумандуулукка багыт алган адамдык жашоонун образы. Ислам маданияты катары ислам дининин баалуулук парадигмаларынын негизинде түзүлгөн коомдук-маданий системаны, б.а. саясый-укуктук, моралдык-руханий, ж.б. көрнүштөрдү, алардын баалуу татаал структурасын, жоболорун гана эмес, жалпы адамзатка тиешелүү болгон универсалдуу руханий мурастарды түшүнүүгө болот. Ислам дининин болмуштук диалектикасы коомдук аң-сезимдин, рухийлүүлүктүн көрүнүшү иретинде цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта ааламдашып өнүгүп туруучу ислам маданиятынын мазмуну, субстанциялдык түзүлүшү, адеп-ахлактык феномен болуп, ал адамдык жан-дүйнөнү козгоп-жөндөп турган баалуу руханий дөөлөттөрдүн системасы экендиги белгилүү.

Ислам маданияты – субъекттик (адамдык) дүйнөтаанымдын жана жүрүш-туруштун бирдиктүү импульсунун негизинде адамдын исламга, андагы жалгыз Аллага, жаралган табиятка, реалдуу дүйнөгө, башка адамдарга, өзүнө карата болгон адеп-ахлактуу мамилелери, ал карым-катнаштарды жөндөп турган көз караштык системасы катары аныкталат. Ислам маданиятынын ааламдашуусу адамзаттык ченем менен б.а. анын баалуулуктар системасын адамдардын элдик, этностук, улуттук аң-сезимге, жашоо-турмушка, социалдык ориентацияга, салттуу маданиятка сиңирип кабыл алуусу, массалык түрдө ага умтулуусу аркылуу өлчөнөт.Ушул өңүттө исламдын, ага таандык маданияттын эволюциялык өнүгүүсүнүн контекстинде ислам маданиятынын ааламдашуу процессин төрт этапка бөлүнүп каралышы талапка ылайык болот.

Биринчи этапка YII-YIII кылымдардагы ислам маданиятынын пайгамбар Мухаммед а.с. жана анын «сахавалары» деп аталган 124 миңден ашуун динди калкка жеткирүүчүлөр тарабынан ислам маданияты дүйнөгө жайылган мезгил кирет. Бул этап YII кылым башындагы Мекке шаарында араб халифаты делген алгачкы Ислам мамлекети пайда болгон мезгилден башталат. Ошол учурда Мухаммед пайгамбардын «ачыкка» чыгарып маалымдоосунун негизинде 33000ден ашуун сахавалардын катышуусу менен ислам динин өзөгү болгон Кураны Карим ыйык китеп катары жарыкка келген.

Исламда Курандын аксиологиялык ченеми ааламдык алкак менен чектелет да, цивилизацияны, адамзат коомун туура жолго баштап, адамдын табиятына ылайык стратегиялык багытты ачып берүүдө баа жеткис мааниге ээ. Бул жөнүндө Курандын өзүндө мындайча

билдирилет: «Биз сага (Мухаммад), сен Кудайдын буйругу менен адамдарды караңгыдан жарыкка чыгарсын деп Жазууну (исламды) жибердик» (Куран, 14:1). Ошондой эле коомдогу жалпы адамзаттык ынтымактын, биримдиктин болушунун зарылдыгы ислам маданиятында инсандардын бардыгы эле бир кишинин, Адам атанын урпактары деген жобо менен негизделет (Куран, 4:1) Мусулмандар 751-жылы Самарканд шаарында, 794-жылы Багдад шаарында алгачкылардан болуп кагаз чыгаруу менен араб тамгасындагы жазма маданиятка ээ болушуп, ислам дининин баалуулуктарын, маданий дөөлөттөрүн калк арасына сиңирүүгө аракет кылышкан. Мухаммедден кийинки халифтер Абу-Бакр, Умар, Усман, Алинин талыкпаган аракеттери аркылуу ислам дини жана маданияты Жакынкы чыгыш жана Орто Азия элдерине кеңири жайылтылып, жылуу кабыл алынган.

Ислам маданиятынын ааламдашуусунун экинчи этабы «мусулман ренессансы» деп аталаган X-XII-кылымга таандык. Бул доордо ислам маданиятынын дүйнөдө, айрыкча күн чыгышка таралышынын башатын туюшкан, ислам динине ишенишкен адамдар өздөрүнүн улуу, баалуу эмгектерин жаратышып, кийинки муундарга мурас катары калтырышты. Алардын катарында: Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Абу Наср ал-Фараби, Абу Али ибн Сина, Ахмат Ясави, Жалаладдин Руми, Газалы Махмуд, Ажы Бекташы Вали, Юнус Амире, Абу-Райхан аль-Бируни, Аль-Хорезм, Улукбек, Али Кушчу сыяктуу көрүнүктүү ойчулдарды кошууга болот. Швецариялык чыгыштаануучу Адам Мецтин «Мусулман ренессансы» деген эмгегиндеги маалымат боюнча аталган мезгилде Багдадда жана Каирде «Окумуштуулар үйү» же «Илим үйү» (Дар-аль илм) деп аталган борбор ачылып, анда көп тилдеги 120-160 миңдеген китептер сакталып, пайдаланылып турган. Бул этапка ислам маданиятынын диалектикасы менен шайкеш эле илимдин адабият, тил, тарых, география, астрономия, медицина, философия, математика, химия сыяктуу тармактары ыкчам өнүгүп, араб жана фарс тилдеринде дүйнөгө белгилүү философиялык трактаттар, табигый жана гуманитардык илимий эмгектер жазылып, рухий кайра жаралууну өзүнө сиңирген цивилизация мүнөздүү.

Ислам маданиятынын ааламдашуусунун үчүнчү этап катары XIX кылым аягы жана XX башындагы мусулман-татар маданиятынын Россия мамлекетинин алкагында өнүгүүсүнүн кароого болот. Аталган тарыхый мезгилде Россияда билим жана таалим берүү сферасында салттуу гуманизмге умтулуу толкуну пайда болгондугу белгилүү. Айрыкча Крымдагы мусулман-татарлардын исламдык маданиятты өздөштүрүүгө умтулуусунан пайда болгон социалдык-психологиялык жана этникалык руханий баалуулуктардын өзгөчөлүктөрү аларда өнөр



жайынын, соода тармагынын өсүшүнө өбөлгө түзүп, социалдык экономикалык жагдайды чыңдап, улуттук этностук маданияттын калыптануусуна таасирин берди. Россиядагы мусулман-татар эли жапырт умтулган бул социомаданий турмуштун артыкчылыгын Ш.Марджани, Х.Фаизханов, К.Насыри жана И.Гаспринский сыяктуу ойчул агартуучулар өз эмгектеринде карап, Россиянын цивилизациялык социалдык-экономикалык өнүгүүсүн контексттинде ислам маданиятында камтылган нарк-насилдерди, гумандуулукту өздөштүрүп, тереӊ иликтөөгө алышып, калкка жайылтышкан. Бул этаптагы ислам маданиятынын ааламдашуу процессинин гумандуулукка, адилеттүүлүккө калыптоочу толкуну Россия курамына кирген башка элдерге, улуттарга , этносторго да оң таасирин тийгизди. Орус философтору Л.Толстой, Н.Чернышевский, А.Герцен, П.Лавров, Н.Михайловский, В.Соловьев, Н.Федоров, Н.Бердяев, С.Булгаков, Г.Плеханов, Л.Шестов, А.Богданов ж.б. адам жашоосун социалдык-моралдак, руханий-маданияттык ченем менен гана аныктап, диний маданияттын инсандагы руханий байлыкты, гумандуулук асыл сапатты калыптандыруучу ролун элге жайылтышкан. Ал эми бул этапта кыргыз калкындагы этностук маданияты да исламдык баалуулуктар таасиринде өнүккөндүгү Молдо Нияз, Нур Молдо, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Алдаш Молдо сыяктуу ойчул-акындардын чыгармачылыгында ачык байкалат.

Ислам маданиятынын ааламдашуусунун төртүнчү этабы катары XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башында жалпы дүйнөдө, өзгөчө Орто Азия элдеринде бул руханий көрүнүштүн кеңири кулач жайганынан көрүнөт.

Ислам маданиятынын ааламдашуу процессинин тездешине түрткү болгон кырдаал катары азыркы геосаясаттык мейкиндиктеги эл аралык диний агымдардын, экспансиялык-секталык идеологиянын жарандык коомго, өлкөнүн социомаданий өнүгүүсүнө тийгизген терс таасирлери болууда б.а. жаңы геосаясий мейкиндикте ислам маданиятын имманенттүү баалуулук, иммунитеттик сактоочу катары тутунган ислам дүйнөсү калыптанып жатат.

Биздин планетада жашаган калктын 25%ти өздөрүн бул маданиятты, анын баалуулуктарын тутунган мусулмандарбыз деп эсептешет. Куранды, Суннаны жана шариатты саясый-укуктук башмыйзам катары карманган ислам мамлекеттери- Сауд аравиясы, Иран, Пакистан, Малайзия, Индонезия ж.б. өлкөлөр исламдык салттуу идеология, гумандуу саясат, рухий ориентация менен жашап, сырткы экспансиялык стихиялардын курмандыгы болуучу «ачык коомдуулукка» жол бербөөгө аракет кылууда. Мындай шарттагы толук суверендүү өлкөлөрдө исламдык маданият, улуттук идеология, элдик салт ар кандай

экспансиялык стихияга каршы иммунитеттик феномен болуп, ааламдашуу процесси сырттан алып келүүчү кризистик таасирлерден, социалдык -маданий, нравалык-саясый деградациядан мамлекетин, улутун, элин, коомун коргоого багытталат.

Ислам дүйнөсүнүн руханий маданиятынын байыркынын учугун улаган бай тажрыйбасы аламдашуу шартында жаңыланган мааниге ээ болуп, татаал кризисттик кырдаалга дуушарланган өлкөлөрдүн мындай абалдардан чыгуусуна мүмкүндүк берет. Мисалы, Малайзия өлкөсү ислам маданияты толук киргенге чейин 420 жыл бою кризистик режимде болгон. Ислам маданиятынын шарапаты менен кризистен чыгып, азыр дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн бирине айланды.

Жалпы эле ислам дүйнөсү үчүн ааламдашуу процессинин глобалдуу проблемалары болгон: СПИД, аракечтик, бангилик, сойкулук, ажырашуу, тукумсуздук, термоядролук коркунуч ж.б. жалпы ислам дүйнөсү үчүн жат көрүнүштөр болуп саналат. Ислам маданиятынын мындай баалуулук ченемин, касиетин жан - дүйнөсү менен сезген Германияда, Францияда, Японияда, АКШда калктын калың катмары ислам динин кабыл ала баштады. Берлиндин өзүндө эле 60тан ашуун мечит пайда болгону буга даана мисал болот.

Демек ислам маданияты азыркы геосаясый жагдайдагы өзүнүн цивилизациялык мейкиндиктеги функциялануу сферасында улам жаңы таасир берүүчү нукка багытталып, кеңейип, калктардын, улуттардын жана этностордун жашоо образынын, менталитетинин, дүйнө-таанымынын башка элементине, ички руханий потенциалынын өзөгүнө айланып жаткандыгы байкалат. Ушул өңүттө ислам маданиятынын ааламдашуу ченеми –бул анын цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык мезгилде таасир берүү менен кеңири таралуусун, дүйнө калктарынын калың катмарына сиңирилиши, алар үчүн жашоонун парадигмасына, баалуулук жактан көрүнүшүнө, стратегиялык өсүп-өнүгүүнүн руханий дөөлөтүнө айлануусун билдирет. Мындай шартта глобалдык кризис менен ааламдашуу процесстеринин өз ара байланыштарын ислам маданияты үчүн социалдык кыйын кезеңдерден чыгуунун жолу- бул адамдын калыптануусунун руханий моралдык жактан туура багытта болуусу менен ажырагыс көрүнүш. Ислам ар бир конкреттүү учурда коомчулукка , адамдарга жоопкерчиликти жүктөп, актуалдуу маселени биринчи кезекте руханий-моралдык, ыймандык өңүттө чечүүнүн зарылдыгын көрсөтөт. Бирок ааламдашуу шартында пайда болгон глобалдык проблемаларды чечүүнүн так жолу, конкреттүү механизмдери исламдын баштапкы булактарында сунуш кылынган эмес, ошондой болсо да, аларда мындай жолдор менен механизмдерди издөөнүн алкагы белгиленип, стратегиялык туура багыт көрсөтүлгөн.



Исламга, ислам маданиятына ылайык көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн түйүнү коомдук мамилелерде бир Кудайга ишенүүнү, адеп-ахлакты, моралды, ыймандыкты, экосистеманы сактоону, коргоону коомдогу акыйкаттыктын жана цивилизациянын, конфессиялар аралык диалогдун, гуманисттик идеологиянын принциптеринин алкагында реформалоодо жатат.Ислам маданиятынын ааламдашуу ченемин туюнткан бүгүнкү дүйнөлүк цивилизация үчүн дагы ошол «мусулман ренессансы» доорундагыдай эле көп кырдуу исламдык баалуулуктарга таянып, өнүктүргөн гуманитардык институттардын жанданышы чоң мааниге ээ болууда. Эгер андай институттар максаттуу түрдө уюштурулуп, күч-кубатка кирсе, адамзат үчүн учурдун көптөгөн глобалдуу маселелерин чечүүгө мүмкүндүк түзүлөт, бүгүнкү жана келечектеги адамзаттык болмуштун уюштурулушуна оң таасирин тийгизээри шексиз.

**«Кыргызстандагы ислам маданиятынын өнүгүшүнүн философиялык экспликациясы»** аттуу экинчи бапта жалпылык менен жекеликтин, тарыхыйлуулук менен логикалуулуктун биримдигинин контексттинде биздин мамлекеттеги ислам маданиятынын маани-маңызы, өзгөчөлүктөрү концептуалдуу анализге алынган. **«Жаңы геосоциалдык мейкиндиктеги ислам маданиятынын философия-лык-аксиологиялык мазмуну»** аттуу биринчи параграфында социомаданий реалдуулуктун алкагындагы ислам маданиятынын имманенттүү табияты, өнүгүү жагдайлары, баалуулуктар системасы каралат. Ааламдашуу шартында ар бир эл, улут, этнос жана мамлекет өзүнүн тарыхый, маданий-руханий мурастарына, салттуу дөөлөттөрүнө кайрылып, цивилизациялык өнүгүүнү жаңыча көз караш менен баалап, коомдук процесстердин аксиологиялык ченемин, социалдык- моралдык баалуулуктарын өздөштүрүп, изилдөөгө алуусунун өзү учурдун турмуштук зарылдыгы экендигин көрсөтөт.

Коомдук өнүгүүнүн ааламдашып жаткан социомаданий жаңы баскычы басып өткөн тарыхый өксүк жактарды кайталабоого жана цивилизациялык кубулуштагы салттуу баалуу жактарды өзүнө сиңирип, андан ары өркүндөтүүнү талап кылууда. Калктын жан-дүйнөсүн талкалап, гедонисттик маданияттын азгырыгына алып кирип, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу берилип жаткан негативдүү көрүнүштөрдүн арааны күч алып, адамдыктын улуу сапаттары болгон ыйман, уят, абийир, намыс менен адеп-ахлактар талкаланып турган ушул учурда адамдыктын түптүү инстинкти (дили) эңсеген, ага руханий азык катары сыпаатталган исламдык баалуулуктардын актуалдуулугу артып, көптөгөн адамдарга үмүт берип улам өзүнө тартууда.

Бир кылымга жакын мезгил материалисттик-атеисттик идеология-лык саясаттын кысымы астында руханий жактан жапа чеккен Борбордук

Азиядагы мусулман элдерине саясый эгемендүүлүк менен бир катарда дин тутуу эркиндиги берилди. Кыргызстанда коомдук турмушту туура багытка буруууга мүмкүнчүлүгү бар жана инсандын өсүп-өнүгүүсүнүн табигый, социомаданий талаптарына жооп бере ала турган салттуу ислам дини кеңири жайылып өнүгүүгө ээ болууда. Кыска убакытта Кыргызстанда ислам маданиятын жайылтуучу миңдеген мечиттер, жүздөгөн медреселер элдик демилге, элдик каражат менен салынып, мамлекеттик жана чет элдик жардамдар менен ондогон университет-институттар курулду.

Алар ислам динин, анын маданиятын элге үйрөтүп, жайылтып, элдик, этностук, улуттук маданиятты руханий имманентүү маңыз менен байытып, традициялык иммунитеттик касиетин бекемдеп жатат. Бул жагдайды мусулмандардын Меккеге ажылыкка массалык түрдө баруу-сунан да көрүүгө болот.Тагыраак айтсак, 1991-жылы Кыргызстанда болгону 39 мечит, 25 храмдар жана православдык чиркөөлөр катталган болсо, учурдагы расмий булактарга таяна турган болсок, республикада 2500 ден ашык мечит, медреселер, университеттер иш алып барууда.

Ислам дүйнөсү менен алака чыңдалып, биргелешкен жогорку окутуу жайлар ачылып, эл аралык конференциялар, социомаданий программалар аткарылып жатат.

Акыркы он жылда ислам маданияты Кыргызстандын коомдук жашоосунда көптөгөн өзгөрүүлөрдү шарттады, коомдук аң-сезимде жаңыча жашоонун агымын пайда кылды, жан- дүйнөнү өзүнө тартып турган жагымдуу улуу салттар жанданды. Бул өзгөрүүлөр коомчулуктун бүтүндөй жашоо чөйрөсүнүн өзгөрүшүндө жана коомдук, этностук, жана улуттук аң-сезимдин турукталышында жигердүү мааниге ээ. Кыргызстан өз алдынча суверендүү мамлекет болгондон тартып, ислам маданиятынын маанилүүлүгүнүн жогорулашы ушул жаңыча жашоо агымдын бир көрүнүшү, бара жаткан түптүү багытынын нугу катары эсептөөгө болот. Дегеле, ислам маданиятынын жаңы геосоциалдык мейкиндиктеги ээлеген орду дал ушул стратегиялык маселеге байланыштуу.

Ааламдашуу шарттарында фундаменталдуу маселелерден болгон - улуттардын, этностордун, алар тутунган диндердин өз ара гармониялуу мамилеринин түзүлүшү, биримдикти сактап, сырттан келүүчү ар кандай экспансиялык стихияга каршы туруп, коомдук тарыхый жалпылыктардын, адамдардын ар намысын сактоо сыяктуу проблемалар каралып, аларды чечүүдөгү исламдык маданияттын алмаштыргыс мааниге ээ экендиги белгилүү.

Ислам жана ислам маданияты бүгүнкү күндө руханий-моралдык салттардын, коомдук чөйрөнүн бардык көрүнүштөрүн кучагына камтып



жана ошондой эле алардын улуттардын, этностордун бири-бири менен жакындашуусунда орчундуу орунду ээлегендиги абзел. Бул өңүттө исламдын аксиологиялык маанайдагы моралдык-этикалык түшүнүк-түшүнүмдөрүндө, жоболорунда жалпылык, жекеликти жана өзгөчөлүктү туюнткан мүнөздөмөлөр бар экендигин эске алуу зарыл. Анткени, исламдагы аксиологиялык руханий система коомдук турмушта тарыхый жактан калыптанган, туруктуу жүрүм-турумдардын нормаларын (шариатта), эрежелерин (адеп-ахлакта) камтыйт да, ал коомдук социомаданий көрүнүштөрдө белгилүү идеялык багытты чагылдырып (саясатта, илимде, адабиятта, искусстводо ж.б.) коомдогу абалга байланыштуу функцияланат. Мына ушундай жагдайда алганда ислам маданиятынын философиялык-аксиологиялык мазмуну төмөнкүдөй байкалат: биринчиден, исламдагы руханий-моралдык дөөлөттөр жалпы адамзаттык ченемге ээ болуп, калктын этностук болмушунун аныктыгын, наркын, баркын сактоого, аны уюштурууга, субъектилердин жарандык коомдогу жаратман ролун аныктоого мүмкүндүк берет; экинчиден, социомаданий кубулуштун реалдуулуктан башка формалары (табият, рухий дүйнө ж.б) менен байланыштарын күчөтүүдө, баалуулугун артырууда ислам маданиятынын айныксыз мааниси сезилет же ал адамдардын, алардын мамилелерин гумандуулукка, жаратмандыкка багыттайт; үчүнчүдөн, исламга таандык нарк-насилдерди өздөштүргөн өлкөнүн калкы адеп-ахлакты, аруу мамилени, нравалык тазалыкты, руханий дөөлөттү, ыймандуулукту ички ишенимге айландырууга аракеттенишет.

Демек, исламда, ага таандык маданиятта адамзатка тиешелүү терең кеткен түптүү жана адамдын өзүн-өзү сактоо инстинктинин талабына жооп бере турган идеалдар, гуманисттик принциптер, руханий баалуулуктар камтылган. Жаңы ааламдашкан геосаясий абалда түзүлгөн руханий-психологиялык климатта, анын чордонунда турган Кыргызстанда ислам маданияты адамдын өзүн бекем карманып, абийирдүү алып жүрүүсүнүн күчтүү этикасы, инсандын жан - дүйнөсүн жабыркатуучу, талкалап кетүүчү терс көрүнүштөргө каршы туруучу иммунитети катары альтернативалык мааниге ээ.

**“Инсандын руханий дүйнөсүнүн калыптанышындагы ислам маданиятынын ролу”** аттуу экинчи параграфта адам болмушунун уюштурулушунда, өнүгүшүндө, жарандык касиеттерде гумандуулуктун, кишичиликтин, адамгерчиликтин калыптануусунда ислам маданиятынын мааниси системалуу каралды. Америкалык философ Ульям Джеймстин дүйнөдө диалектико-материалисттик дүйнөтааным абдан күчүнө кирип турган мезгилде жазган «Динди ыйык туткан адамдардын

руханий тажрыйбасынын түрлөрү»[1] аттуу эмгегинде динге ишенген адамдардын интеллектуалдык жактан иштөөгө жөндөмү артаарын, активдүүлүгү жогорулай тургандыгын, руханий психологиялык маанайда өзүн жакшы сезээрин, динге ишенүү инсандын жан-дүйнөсү үчүн абдан пайдалуу экендиги ырасталат. Ушул сыяктуу эле, башка окумуштуулардын (А.Мец, А.К. Уледов, М.А.Усманов, Ш.Ш. Базарбаев, Г.К.Дыйканбаева ж.б) эмгектеринде да дин жана ага таандык маданияты адамзаттын өнүп-өсүүсүнө, учурдун суроо-чакырык мүдөсүнө туура стратегиялык багыт берүүчү, кылымдар бою жетиштүү руханий тажрыйба топтогон, адамды социалдык-психологиялык жактан дени сак болушуна өбөлгө түзүүчү баалуулук экендиги белгиленет.

Ислам дини, анын маданияты турмуштук татаал проблемаларга өз позициясы менен татыктуу жооп берет жана бул негизги касиети моралдык-этикалык баалуулуктарга тыгыз байланыштуу. Ислам маданияты цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта жашоосун, болмуштук уюштурулушун ишке ашырган инсандын адамдык каада-салттарын эстетикалык, этикалык, мекенчилдик, улуттук, этностук сезимдеринин, дөөлөттөрүнүн өнүп- өсүшүнө шарт түзөт.

Мусулмандын жашоосундагы эң башкы нерсе- бул жалгыз Кудайга болгон ишеним (ыймандуулук) жана ислам маданиятын сактоо (адеп-ахлак), аны атуулдук ички дүйнөсүнүн элементине айландыруу болуп саналат. Ошондуктан, исламдын, анын маданий баалуулуктарынын өзгөчөлүгү адамдык болмуштук руханий дүйнөнү, анын системдүү көрүнүштөрүн, маселен, акыл-эс, ыйман-ынсап, уят-сыйыт, арнамыс-абийир, адеп-ахлак, моралдык, аң-сезимдик, жалпы рухтук маанайдагы бирдиктүү аныктык катары көрсөтүлгөндүгүндө экендигин белгилөөгө болот.

Ал эми жеке адамда мындай асыл сапаттарды калыптандыруу ислам дининин, андагы маданий баалуулуктардын башкы педагогикалык-психологиялык, руханий-нравалык максаты, милдети экендиги абзел.

Ислам маданияты - бул адам баласынын өзүн-өзү таануусун, маңыздуу, максаттуу жашоосун, башка адамдар менен туура мамиледе болуусун, баардык жандуу жана жансыз нерселер менен адептүү карым-катнаштарын калыпка салуучу маданий-этикалык система, руханий дөөлөт катары социалдык- психотерапиялык мүнөздөмөгө ээ.

Мындай жагдайда, инсандын руханий дүйнөсүнүн калыптанышындагы ислам жана жалпы эле руханий (диний)

[1] У.Джемс Многообразие религиозного опыта: Пер. с англ. В.Г.Малахиевой-Мирович и М.В.Шик / Под ред.С.В.Лурье. – М.:Русская мысль, 1910 .



маданияттын ролунун, социалдык-психологиялык өңүттөгү тийгизген таасиринин, тарбия менен билим берүүдө диний маданияттын кылымдар бою топтолуп келген руханий-моралдык тажрыйбасын пайдалануу маселелеринин актуалдуулугу байкалат.

Жарандык коом өз келечеги үчүн субъектилеринин (андагы адамдардын), үйбүлө куруунун негизин күчтөндүрүүсү керек, жаш муундарга улуттук жана руханий баалуулуктар үйрөтүлүүсү керек. Гумандуулукту, тынчтыкты, этностук боорукердикти, берешендикти, жардамдашууну билген, ыймандуу, ынсаптуу, уяттуу, ар-намыстуу, сүйүүнүн жана мээримдүүлүктүн кадырына жеткен келечек муундардын калыптанышы үчүн үй-бүлөдө этностук, элдик, адептик диний таалим-тарбияга маани берилиши зарыл. Бул өңүттө адамдын руханий жактан өсүп-өнүгүүсүндө ислам маданияты анын ажыратылгыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Ислам маданиятынын көөнөрбөс моралдык-этикалык маңызын шариаттык-укуктук бирдиктүү система катары аныкталышы, коомдук өзгөрүүлөрдүн түпкү багытын аныктоочу жарандын адамдыгын калыптандыруучу мааниси бар экендигин бүгүнкү социомаданий реалдуулуктун диалектикасы таасын көрсөтүүдө.

Ошентип, ислам маданияты цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта өнүгүп турууучу рухий-нравалык феномен, адамдык жан -дүйнөнү козгоп-жөндөп турган, маани-маңыздуу дөөлөт болуп саналат. Ислам маданиятынын баалуулуктары муундан-муунга, укумдан –тукумга берилүүчү адамдык адептүү жүрүм- турумдун тарыхый натыйжасы, салттуу жыйындысы болот.

Инсандын ички дүйнөсүн байытып, өсүп - өнүгүүсүн калыптандырып, адамдын социалдык-этикалык, психо-физиологиялык жактан рухий дени соо болушун шарттап, ар тараптан өнүккөн адам кылып тарбиялоодо универсалдуу моралдык баалуулуктарга ээ болгон ислам маданияты ааламдашуунун шартындагы актуалдуу маселелерди чечүүгө мүмкүндүк түзө алат.

**«Корутундуда»** диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары жана жалпы жыйынтыктары көрсөтүлдү:

1. Ислам маданияты - бул диний ишенимге негизделген адамдык жашоонун идеалдуу образы. Анда мамлекетти жана коомду, саясатты жана динди, маданиятты жана адамды бири-биринен бөлүп кароо мүмкүн эмес. Ошондуктан, ислам маданияты катары ислам динин, анын негизинде түзүлгөн социалдык-маданий баалуу системаны, андагы саясый-укуктук, моралдык-руханий көрүнүштөрүн гана эмес, жалпы адамзатка тиешелүү болгон универсалдуу руханий мурастарды, нарк-насилдерди да түшүнүү туура болот. Ислам маданияты цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта өнүгүп турууучу руханий адеп-

ахлактык феномен болуп, ал адамдык жан-дүйнөнү козгоп-жөндөп турган баалуу дөөлөттөрдүн топтомун туюнтат.

2. Ислам маданиятынын маани-маңызын мүнөздөп турган төмөнкү баалуу жоболорун көрсөтүүгө болот:

а) ислам, ага таандык маданият адамзаттын жалпы диний көз карашка негизденген конкреттүү-тарыхый цивилизациялык калыптануу картинасын ачып берет; б)исламдык баалуулуктар элдердин,этностордун, улуттардын тарыхый маданий традицияларында жуурулушуп, сиңирилип модификацияланат; в)ислам маданияты дүйнөтаанымдын, дүйнөтүшүнүмдүн, дүйнөнү элестетүүнүн жана инсандын жүрүм-турумунун бирдиктүү, фундаменталдуу импульсунун негизинде адамдын Кудайга, реалдуулукка, өзүнө карата болгон мамилесин камтып турган көз караштык системасын билдирет.

3. Ислам маданияты өзүнө гана тиешелүү баштапкы баалуу принциптери, нарк-насилдери, жоболору, ишенимдери менен европалык маданияттан айырмаланып турат. Анда адамдын жан-дүйнөсүн, өзүн-өзү таанып билүүсү үчүн аналитикалык рефлексия жок. Себеби, ислам үчүн мындай таанып билүүнүн адамзатка зарылчылыгы барбы? –деген суроо-талаптар, көз караштар мүнөздүү эмес. Бул өңүттө ислам маданиятында толеранттуулук, гумандуулук, ырышкердик, жалпы адамзаттык ориентация башкы орунда турат.

4. Байыркы кездерден тартып ислам маданиятындагы эң өзөктүү маселе катары руханий-моралдык өңүттөгү баалуулуктар ченемин айтууга болот. Ислам маданиятынын ар кандай өнүгүү багытын кайсы жагынан карабайлы моралдык –аксиологиялык парадигмада адамдын калыптанышы борборго коюлат. Адамдын өзү жашаган коомдогу, жалпы универсумдук системадагы, анын структурасындагы ордун таап, туура жашоосун камсыз кылууга болгон умтулуусун, мүдөө-талаптарын, ишенимдер аркылуу түшүнүдүрүү исламга таандык.

5. Исламда, андагы маданий баалуулуктарда адамзатка тиешелүү терең өзөктүү жана адамдын өзүн-өзү сактоо инстинкттик талабына жооп бере турган идеалар, гуманисттик принциптер жана асылдыктар камтылган. Жаңы геосоциалдык мейкиндиктеги ислам маданиятынын аксиологиялык мазмуну исламдын салттуу өзгөчөлүгү менен гана эмес, Орто Азияда түзүлүп жаткан жалпы маданий –руханий, саясый-идеологиялык кырдаалдар аркылуу да шартталат. Ушул өңүттө, Кыргызстандагы ислам маданияты- адамдардын өзүн-өзү адептүү кармап жүрүүсүнүн күчтүү этикасы, өлкөнүн социомаданий чөлкөмүндө инсандын жан-дүйнөсүн жабыркатуучу терс диний экспансиялык агымдарга каршы туруучу альтернативалык мааниге ээ деп айтууга негиз бар.



6. Ислам дини, ислам маданияты тарыхый татаал проблемаларга өз позициясы менен жооп берет жана алардын чечилишин моралдык-этикалык баалуулуктарга тыгыз байланыштырат.Ислам маданиятынын өнүгүү, функциялануу ориентациясына байланыштуу адамдын гумандуулук жагдайында, моралдык- этикалык алкакта өз жүрүм-турумун корректировкалашы менен анын тагдыры түздөн түз байланышта болот. Дегеле, адамдардын болмушундагы инсандык касиеттерин калыптандыруу, өз ара жардамдашуу, бири-бирин сүйүү, сыйлап-урматтоо, бирөөнүн акысын жебөө, адилеттүү болуу, түрдүү бузукулук иштерден алыс болуу сыяктуу жоболор аркылуу бактылуу кылуу ислам маданиятынын адамзаттык өсүп-өнүгүүдөгү башкы максаты, жооптуу милдети, баалуу өзгөчөлүгү болуп саналат.

7. Ислам маданияты адамдын ички руханий дүйнөсүнүн абалы социалдык маселелерди чечүүгө жараша болоорун шарттайт. Бул маданий дөөлөттүн аксиологиялык системасынын өзгөчөлүгү - моралды жана адамдын болмуштук дараметин бирдиктүү караганында гана эмес, адамдын денеси менен жан - дүйнөсүн да бирдиктүү ажырагыс бүтүндүк катары элестеткендигинде болот. Ааламдашуунун шартында инсандын ички дүйнөсүн руханий баалуулуктар менен түптөп, анын байып, өнүгүүсүн камсыздап, адамдын психо-физиологиялык, социалдык-психологиялык жактан дени соо, моралдык жактан таза болуп, чыныгы адамдык асыл сапаттарга ээ болуусу үчүн турмуштук сыноо-чакырыктарга ишенимдүү жоопту бере ала турган тарыхый тажырыйбасы, универсалдуу моралдык баалуулуктары бар ислам маданияты, чынында эле, биздин планетабызды, жалпы адамзатты, бүткүл табиятты глобалдык экологиялык бузулуудан сактап, коргоп калууда адамзаттын өзүн ааламдашуучу тарыхый процесстин пайда келтирүүчү жаратман субъектиси катары калыптандыруу менен жаңы геосаясый мейкиндиктеги глобалдуу маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылды:**

1. XXI кылым, глобализация, цивилизация же «акыр заман» коркунучу барбы? //Гуманитарные проблемы современности. ИФиП НАН КР. - Б., 2006. - №7, 27-35- беттер.

2. Демократиялык саясаттын типтери жана мамлекеттик конституциялардын категориялары.//Современность: философские и правовые проблемы. ИФиП НАН КР. - Б., 2006.-№ 9, 41-54- беттер.

3. Глобалдашкан «либералдык демократия» саясаттын кризистик кесепеттеринен чыгуудагы элдик конституциянын, улуттук идеологиянын ролу.//Современность: философские и правовые проблемы, ИфиП НАН КР. - Б., 2006. -№9, 54-67-беттер.

4.Улуттук салттын жана жеке адамдын калыптануусунда ислам маданиятынын табигый таасири. //Современность: философские и правовые проблемы. ИФиП НАН КР. - Б., 2007. - №11, 32-38-беттер.

5.Ааламдашуу процесси жана анын аксиологиялык ченеми.//Современность: философские и правовые проблемы. ИФиП НАН КР. - Б., 2007. - №11, 47-53-беттер.

6.Ааламдашуу процесси жана анын аксиологиялык ченеми.//Вестник КГУ им. И.Арабаева. - Б., 2007. - №10, 285-288-беттер.

7.Современный ислам и его влияние на культуру кыргызов.//«Центральная Азия: гуманитарные проблемы истории и современности».Варшава,2007. -№2-4, 146-154- беттер.

8. Улуттук салттын жана жеке адамдын калыптануусунда ислам маданиятынын табигый таасири. //Вестник КГУ им. И.Арабаева. - Б., 2007. - №10, 289-292-беттер.

9. Политизация ислама в Кыргызстане и альтернативные проекты развития.// "Центральная Азия и культура Мира". - Б., 2007. - №1-2, 102-109-беттер.

10. Политизация ислама в Кыргызстане и альтернативные проекты развития.// "Научный мир Казакстана". - Шимкент, 2007. - №5, 79-88-беттер.

**Темишов Базарбайдын 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНЫН АКСИОЛОГИЯЛЫК ЧЕНЕМИ» аттуу темада жазган диссертациясынын резюмеси**

**Негизги сөздөр**: ислам, ислам цивилизациясы, ааламдашуу, ислам маданияты, руханий баалуулуктар, глобалдык кризис, исламдын табияты, геосоциалдык мейкиндик, ченем, руханий дүйнө.

Диссертацияда ааламдашуунун шартарындагы ислам маданиятынын аксиологиялык ченеми философиялык-методологиялык маанайда түшүндүрүлүп, анын тарыхый-логикалык мааниси концептуалдуу изилденди.

**Биринчи бапта** философиялык рефлекцияга таянуу аркылуу ислам маданиятынын генезиси жана имманенттүү маңызы методологиялык өңүттө системалуу иликтенди. Ошону менен бирге эле ислам маданиятынын диалектикасындагы байкалган ааламдашуу процессинин табияты, өзгөчөлүгү илимий-логикалык багытта түшүндүрүлдү.

**Экинчи бапта** Кыргызстандагы ислам маданиятынын өнүгүшүнүн философиялык экспиликациясы берилип, жаңы геосаясый мейкиндиктеги ислам маданиятынын философиялык-аксиологиялык мааниси, мазмуну көрсөтүлдү.Ушуга байланыштуу жарандык коомдун өнүгүшүнүн контексттиндеги инсандын рухий дүйнөсүнүн калыптануусундагы ислам маданиятынын ролу аныкталды.

**Кортундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн тыянактары чыгарылып, ислам маданиятынын коомдук аң-сезимдин, анын баалуулуктарынын системасында алган орду белгиленди.

**Резюме**

**диссертации Темишева Базарбая на тему: «Аксиологическая природа исламской культуры в условиях глобализации», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия.**

**Ключевые слова:** ислам, исламская цивилизация, глобализация, исламская культура, аксиологическое измерение, духовные ценности, глобальный кризис, природа ислама, геосоциальное пространство, духовный мир.

В диссертации на философско-методологическом уровне раскрывается аксиологическое измерение исламской культуры в условиях глобализации, подвергнута концептуальному исследованию ее историко-логическое значение.

В **первой главе** опираясь на философскую рефлексию, на методологическом уровне системно исследованы генезис и имманентная сущность исламской культуры. Вместе с тем, на научном-логическом уровне были изучены особенности аксиологической природы духовной культуры ислама, объяснены заметные в процессе глобализации диалектика исламской культуры.

Во **второй главе** раскрыт философско-аксиологическое содержание исламской культуры на новом геосоциальном пространстве и дана философская экспликация развития исламской культуры в Кыргызстане. Кроме того определена роль исламской культуры в формировании духовного мира личности в контексте развития гражданского общества.

В **заключении** были сделаны выводы по изученным вопросам, и определено место исламской культуры в общественном сознании и в системе его ценностей.

**RESUME**

**to dissertation by Temishov Bazarbay on the theme " The Axiological measures of Islam culture in Globalization conditions" on appropriation of the degree of candidate of philosophy science on specialty 09.00.11 - Social Philosophy.**

**The key words:** Islam, Islamic civilization, Globalization, Islamic culture, measure, global crisis , Nature of Islam, geosocial space, spiritual world. On dissertation on the philosophical-methodological way described axiological measures of Islamic culture in condition of globalization, conceptionally studied he is historical-logic meaning.

**On first chapter** based on philosophical reflection were investigated genesis of Islamic culture and immanent meaning on the methodological manner. The same time was described nature of process of globalization in dialect of Islamic culture, peculiarity in scientific-logical direction.

**On second chapter** was given philosophical-explication in developing of Islamic culture in Kyrgyzstan, shown philosophical-axiological meaning and content of in new geopolitical spatial Islamic culture. In this regard was defined role of Islamic culture in context spiritual world of person in developing of civil society.

**In conclusion** was given result of study, was indicated role of Islamic culture in public consciousness, their system of value.